УДК: 28

Норузбаев Н. Н.

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

# КЫРГЫЗСТАНДА ИСЛАМ ДИНИНИН ЖАНА ИСЛАМ МАДАНИЯТЫНЫН МОНГОЛДОРГО ЧЕЙИНКИ ТАРЫХЫ

*Бул макалада монголдордун жапырыгына чейин Кыргызстандын аймагында ислам дининин жана маданиятынын өнүгүшү кыскача баяндалды.*

Ислам дининин жана араб халифатынын негиздөөчүүсү Мухаммед Абдуллах уулу 571-жылы Арабстандын Мекке шаарында туулган. Исламдын тарыхы боюнча Мухаммедге пайгамбарлык касиет ал 40 жашка келген курагында берилиптир. Мухаммед кудай (Аллах) менен периштелердин эң улуусу Жабрейил аркылуу байланышып, Алланын сөздөрүн – Куранды алып турган экен.

Мухаммед пайгамбар болгон алгачкы үч жылда исламды өзүнө жакын адамдардын арасына гана купуя түрүндө жайылта баштаган. Үч жыл ичинде 30 адам гана мусулман динин кабыл алыптыр. Ошол кезде Арабстанда бутпарас дини үстөмдүк кылып, арабдардын 360 урууларынын ар бири өзүнчө бутка сыйынышкан, элдин ичинде биримдик такыр жок эле. Уруулар ортосунда карама - каршылыктар, чабышуулар көп болгон. Эл ичинде бузукулук иштер көбөйгөн. Аялдарды басмырлоо, кордоо, жаңы төрөлгөн кыздарды тирүүлөй жерге көмүп салуу салты адатка айланган. Мухаммед өз доорунун алдыңкы адамы катары араб коомундагы бул өндүү жапайы көрүнүштөрдү жок кылуу жөнүндө ар дайым ойлонуп жүргөн.

Пайгамбарлык касиетке ээ болгон төртүнчү жылдан баштап Мухаммед адамдардын дос же душман экендигине карабай исламды ачык түрдө жайылтууга өткөн. Бутпарастар исламдын жайылышына катуу тоскоолдук кылып Мухаммед баш болгон мусулмандардын 624-жылы Меккеден Медина шаарына көчүп кетишине себепкер болгон. Бирок Мухаммедди жактаган эл анын артынан Мединага агылып келе баштаган Күн сайын күч алып бара жаткан мусулмандарды талкалоо үчүн Меккедеги бутпарас төбөлдөрү миң аскер чогултуп, куралдандырып Мединага аттандырган Буларды Мухаммеддин 305 адамдан турган куралдуу тобу тосот, катуу салгылашта Мухаммеддин чакан колу жеңишке жетишет. Эки тараптан миңдеген адамдар катышкан согуштар кийинки жылдары да болот. 630 жылы Мухаммед Меккеге жортуул жасайт. Бул жолу Мухаммеддин жакшы максатын түшүнгөн Мекке шаарынын эли каршылык көрсөтпөй эле ислам динин кабыл алат. Ушундан кийин ислам дини тездик менен Арабия жарым аралына жайылат. Кааба балбалдардан тазаланат да мусулмандар сыйынуучу эң ыйык жайга айланат. Ошентип, Мухаммед пайгамбарлык кылган 23 жылда ислам мамлекети негизделген. Мухаммед 632-жылы 27-майда 63 жаш курагында дүйнөдөн өткөн. Ал дүйнөдөн кайтар алдында: «Мен силерге Алланын сөзү – Куранды жана өзүмдүн сүннөттөрүмдү калтырып атам, эгер силер ошол нерселерди бекем кармасаңар менден кийин эч адашпайсыңар » - деген экен.

Мухаммед пайгамбар негиздеген ислам мамлектиндеги башкы бийликке Абу Бакир келгенден кийин халифтердин доору башталат. Бул халифатты Абу Бакирден кийин Умар, андан кийин Усман, андан соң Али бийлеген бул төрт халиф 632-661-жылдардын аралыгында кезеги менен такка отуруп, ислам мамлекетинин башчысы жана бардык мусулмандардын диний жетекчиси деп эсептелген. Аталган халифтерден кийин халифатты Омейиддер (Умавийлер) династиясы 661-жылдан 750-жылга чейин бийлеген. Бул мезгилде араб халифатынын бийлиги аравия жарым аралына, Мессопотамияга, Палестинага, Сирияга, Иракка, Египетке, Түндүк Африкага, Индиянын түндүк батышына, Азербайджанга жана Грузиянын бир бөлүгүнө тараган. 750 - жылы Омейиддерди Аббассиддердин династиясы алмаштырган. Булар бийлеп турган мезгилде мусулман сунниттери күч алган. Бир мезгилде дүйнөдөгү чоң дөөлөткө айланган араб халифаты X - кылымдын башында өз алдынча майда мамлекеттерге бөлүнүп кеткен.

Арабдар басып кире баштаганда Жети-Суу менен Ала-Тоодо Түргөш кагандыгы (704 – 766-ж.ж.) бийлик жүргүзүп турган. Бул кагандыктын борбору Чүй өрөөнүндөгү

Суяб (азыркы Токмок) шаары болгон. Ала-Тоолук кыргыздар ушул кагандыктын курамында болушкан. Бул кагандыкка түштүктөн Кытайдын Тан династиясы, чыгыштан түрктөр коркунуч туудуруп турган. Эми түштүк батыштан Түргөш мамлекетине араб баскынчылары жакындап келишкен. Түргөш мамлекетинин башчысы Сакал каган душмандардын мизин кайтарууга болгон күчүн жумшаган. Бул күрөштө Түргөш кагандыгына енисейлик кыргыздар шериктеш болушкан. Бирок күч алып алган чыгыш түрктөрү 711-жылы адегенде Барсбек каган башында турган енисейлик кыргыздарга кыйраткыч сокку уруп, андан кийин Алтай аркылуу аскер жиберип Иртыш дарыясынан өтүп, Болучу деген жерде Түргөштөрдүн аскерин талкалайт. Түргөштөрдүн жеңилиши арабдардын Орто Азияны басып алышын тездетет. Арабдардын күчтүү аскери 729-жылы Орто Азияга Газават баштайт. Бухаранын алдында Орто Азиянын элдеринин бириккен күчү менен арабдардын ортосунда айгышкан чоң салгылаш болуп, ким жеңип чыкканы аныкталган эмес. Арабдар Орто Азияны ээлеп алуу үчүн он жылдай тынымсыз аракет кылат. Түргөштөрдүн мамлекети өз ара пикир келишпестиктин кесепетинен алсырап, тарап, анын ордуна карлуктардын мамлекети-Карлук жабгулугу пайда болот. Бул мамлекет түрк тилинде сүйлөгөн уруу бирикмелеринин үч тобунан куралган. Кыргыздар ушу үч топтун бирин түзгөн. Ушул кезде Орто Азияны ээлеп алууга Кытайдын Тан династиясы да белсенип аракет баштайт. Ошентип VIII кылымдын ортосунда Орто Азия арабдар менен кытайлардын кызыкчылыктары тирешкен чөлкөмгө айланат. 748-жылы кытайлар 100 миң аскер менен Чүй өрөөнүнө басып кирип Суяб шаарын ээлеп аны кыйратат. Кийинки жылы кытайлар Чач (Ташкент) шаарын ээлешет. Ошол кезде Чач шаарында кыргыздар жашашкан. Арабдар кытайларга каршы 100 миң аскер менен бет алат. Эки аскер бөлүктөрү 751-жылы июлда Талас өрөөнүндөгү Атлах шаарында (азыркы Манас району, Покровка айылына жакын жердеги урандылар) беттешишет. Бет келишкен эки аскер тең Талас дарыясынан өтүүгө батынбай, туура төрт күн тирешип турушкан. Бешинчи күнү кытайларга караганда арабдарга боор тарткан карлуктар кытайларга артынан кол салат. Ошондо арабдар чабуулга өтөт. Кытайлар туруштук бере албай Талас дарыясынын бойлоп тар капчыгайды көздөй сүрүлөт. Орто кылымдык тарыхчы Ибн аль Асирдин маалыматтары боюнча Атлахтагы салгылашта кытайлардын 50 миң аскери кырылып, 20 миңи колго түшкөн. Түрк уруулары анын ичинен кыргыздар үчүн бул согуштун мааниси чоң болгон. Анткени арабдар менен жергиликтүү элдин биргелешкен соккусунан кийин кытайлар болжол менен миң жылга Орто Азиянын чек араларына жологон эмес. Ушул салгылаштан кийин бул аймакта ислам маданиятынын өнүгүшү үчүн кеңири жол ачылган.

Араб маданияты Араб халифатынын доорунда алар басып алган көптөгөн мамлекеттердин, элдердин маданияттарын өз ара журулушунун натыйжасында бир кыйла өнүгүп орто кылымдардагы маданияттардын ичинен алдынкы орунда турган. Арабдар басып алган бир катар өлкөлөрдүн (Сирия, Палестина, Мессопотамия, Ирак, Египет, Алжир, Тунис, Марокко ж.б.) элдери арабдардын тили менен динин толук кабыл алышып толук аралашып кеткен. Булардан айырмаланышып Кавказдын, Орто Азиянын, Персиянын элдери ислам динин кабыл алышып тилдик эркиндиктерин сактап калышкан. Араб тили халифаттын мамлекеттик тили болгондуктан арабдарга баш ийген элдерден чыккан окумуштуулардын, чыгармачыл ойчулдардын көпчүлүгү өздөрүнүн эмгектерин араб тилинде жазууга же которууга аракет жасашкан. Натыжада араб маданияты гүлдөп өнүгө берген. Ошондуктан, дүйнөлүк илимде IX-X кылымдар «Мусулман маданиятынын кайра жаралуу доорую» делип аталып калган. Араб окмуштуулары улуу тажик окумуштуусу Ибн Синаны (980-1037-жж.) «илимдин шейхи» деп аташкан. Арабдар Орто Азиядан чыккан аль Хорезми, аль Бируни, аль Фараби, аль–Рази, аль Фаргани өңдүү окумуштууларды өтө жогору баалашкан. Араб маданиятынын таасири менен Орто Азияда да медицина, архитектура, астрономия, математика, тарых, тил илимдери, музыка, адабият, колдонмо искусство күчтүү өнүккөн.

Кыргызстанда араб маданиятынын өнүгүү доору X-XII кылымдарда гүлдөп өнүккөн Караханийлердин мамлекетинин мезгилине туура келет.

Ысык-Көл өрөөнү X кылымдарда түрк элдери болгон чигилдерге тийиштүү эле. Караханийлердин мезгилинде чигилдер Самарканда атайын жалданма күч болуп кызмат өтөгөн. Тарахый булактарда түрк чигилдери тууралуу төмөнкүчө баяндалат.

Селжук султаны Мелик-шах Самаркандды ээлейт жана Өзгөнгө чейин жеткен, Кашгар ханы да анын бийлигин таанууга аргасыз болгон. Мелик-Шах кайткандан кийин Самарканда чигилдердин козголоңу чыгат. Чигилдер Атбашынын башчысы Якуб тегинди Кашгардын ханынын агасын өзүлөрүнө чакырган. Якуб тегин Самаркандды ээлеген, бирок Мелик-Шахтын жакындашы менен Атбашыга кетүүгө аргасыз болгон. Мелик-шах экинчи ирет Өзгөнгө келген.

Ысык-Көлдүк түрк уруулары чигилдер X-XI кк. караханийлерге кызмат өтөөгөндүгү бул анын саманийлердин, караханийлердин, селжуктардын бийлигинин мезгилинде чигилдер жалпы Орто Азия элдеринин маданияты менен тааныш болуп жана өз ара байланышта болгондугунан маалым.

Караханийлер түрк тилдүү урууларынын арасында алгачкы мусулман династиясы катары Орто Азияда анын ичинде Ысык-Көлдүн тарыхында ислам дининин таралышына жана бекемделишине зор мааниге ээ.

Ибн ал Асирдин жана Жемал Каршинин маалыматтары боюнча, караханид мамлекетинин негиздөөчүсү Сатук Абд ал Керим Кара-хан 955 жылы ислам динин кабыл алган, анын уулу Муса ислам динин мамлекеттик дин деп жарыялаган.

Ибн ал Асир 349 х. ж. / 960-жылы ислам динин 200 миң түтүн түрк уруулары кабыл алгандыгын баяндайт. Буларга Жети-Суу жана Чыгыш Туркестан түрк уруулары да кирген. Бул түрк уруулары менен катар Ала-Тоо жана Памирдеги, Ысык-Көлдүн жээгиндеги жана Талас дарыясынын аймагындагы көптөгөн кыргыз уруулары ислам динин кабыл алган.

Караханийлердин түндүк-чыгыштагы чек арасы  Балхаш, Ысык-Көл, Ала-Көл аркылуу Чугучакка чейин жеткен. Каганаттын борбору Баласагун шаары (Азыркы Токмок шаарынын аймагындагы Бурана) болгон. Экинчи ордосу Өзгөн болуп эсептелген.

Коңшу казак талааларын жердеген түрк уруулары тууралу Ибн ал Асир «Күз айларынын 1043-ж. ислам динин азыркы казак талааларын жердеген түрк уруулары кабыл алгандыгы тууралуу кабар берет, бул түрктөр 10 миң түтүн болуп, жайкысын булгар жергесине коңшулаш жашаган, кышкысын Баласагунга жакын жашашкан».

Саманилер мамлекети 875–999-ж.ж. Орто Азияда өкүм сүргөн феодалдык мамлекет. Борбору Бухара шаары болгон. Анын аймагына Маверенахр, Хоросан, Түндүк Чыгыш Иран, Хорезм, Газни, Табаристан, Систан, Журжан ж.б. кошулган . Кыргызстандын аймагындагы караханийлер кагандыгы менен карым катнаш жүргүзүп турган.

Ислам дүйнөсүнөн 380 х. -ж. / 990-ж. түрк өлкөсүнө Абул Хасан Саид ибн Хатим ал Усбаникети ишмердик жүргүзүп кеткендиги маалым. IX к. 2. жар. X к.ж. Саманилер түрктөрдү багындырууга алардын талалаарына аскер жиберип турган. Бул тууралу Нух ибн Асаддын Исфиджабдын каратышы, Исмаилдин Таразга жортуулу, Насрдын Шавгарга жоортуулу, мусулмандардын Ферганадагы Хефтдек шаарчасын ээлешин маалыматтар берет.

Саманид өкмөтүнүн кубатынын алдында, о.э. маданияты жогору турган мамлекеттин өндүрүлгөн буюмдарына талап чоң болгондуктан, чек ара шаарларына көптөгөн түрктөр соода байланышын түзүүгө келип турган.

Жогоруда белгилегендей, X к. Ысык-Көл чөлкөмүндө түрк урууларынан чигилдер менен карлуктар көчүп жүргөн. Булар Орто Азиянын элдери менен түздөн - түз өз ара алакада болгон.

Бул тууралу төмөнкүчө мисал келтирсек ашык болбостур. Саманий Нух-2, Караханий Наср ибн Алиханга каршы өзүнүн көрүнүктүү аскер башчысы, теги боюнча түрк Себук тегинди жиберген, Себук тегин Ысык-Көлдүк барсхан уруусунан болгон.

Себук тегин өзүнүн Афганистандагы, Индиядагы жеңиштери менен даңкталган. Себук тегинге сыйлуу «диндин жана дөөлөттүн коргоочусу»  («Насир ад дин ва-д - дауля») наамы ыйгарылган. Анын уулуна Абул Касым Махмудга «Дөөлөттүн кылычы»

(«Сейф ад - дауля») ысымы ыйгарылган.

Ислам динин алгачкы жылдарында түрк урууларынын арасынан карлуктарга ислам маданиятынын таасири күчтүү болгон. Бизге жеткен маалыматтар боюнча халиф Махдинин (775–785-ж.ж.) учурунда эле карлук жабгуусу ислам динин кабыл алгандыгы тууралуу маалым.

X к. Талас өрөөнүнүн чыгыш тарабындагы шаарларда борбордук мечиттер болгон.

Ислам маданияты карлуктардын күндөлүк турмушуна таасирин тийгизип, көчмөн аңчылардан тышкары булардын арасында дыйкандар болгону маалым.

X к. түрк урууларынын арасынан тогуз огуздар эң кубаттуу болуп эсептелген. Булардын арасынанда да мусулмандар болгон. Буга чейин карлуктарга тийиштүү болуп, анан кыргыздардын колуна өткөн.

Буга чейин кыргыздар Енисейде жашап турган. Кытай булактары боюнча VIII к. эле ар үч жыл сайын Куча шаарынан кыргыздарга араб кербендери жибек, кездеме жүктөлүп жиберилип турган. Бул соода мамилелери кыргыздар менен арабдарды, карлуктарды жакындаткан: Бул өз кезегинде кыргыздар, карлуктар менен биргеликте тогуз огуздарга каршы аттанып Жети-Суунун бир бөлүгүн жана азыркы Ата Журтуна келиши мүмкүн деген ойду В.В. Бартольд өз мезгилинде билдирет. Кыргыз элинин калган бөлүктөрү Жети-Сууга кийинчерек келген.

Саманий эмир Исмаил 280 х. - ж. / 893 - 894 - ж ж. Талас шаарын каратып жана андагы храмды борбодук мечитке айланткан; Талас эмири да өзүнүн көптөгөн дыйкандары менен ислам динин кабыл алган.

Саманийлердин мезгилинде ислам маданияты түрк урууларынын арасында басып алуучулук жол менен бирге, соода мамилелери аркылуу да жайылтылган.

Саманийлер өз ээлигинде түрк тилдүү гуздарды жана карлуктарды жайгаштырган, булар өз кезегинде исламды кабыл алып чек арасына сакчы болгон.

Мусулман соодагерлери башкаларга салыштырмалуу алда канча көпчүлүк кылган жана ири шаарларда жашаган; Талас өрөөнүүнүн жогорку тарабындагы Шельджи шаарында эле 10 000 жакын исфахандыктар жашап турган. Чыгышты көздөй соода жолундагы бардык шаарларда борбордук мечиттер болгон, айрым шаарларында мусулмандар үстөмдүк кылып келишкен.

Борбордук Азияда ислам дининин жана ислам маданиятынын таралышына мусулман эмес кара Кытай мамлекетинин да түзүлүшү да токтоткон эмес. Кара кытайлар мезгилинде мусулмандарга карата диний куугунтуктоолор болгон эмес, тескерисинче колдоо көрсөтүшкөн. Мусулман тарыхчылары гурхандарга жогору баа беришкен.

Кара Кытай дөөлөтүнүн түзүлгөн мезгилинде (1130-ж.), Баласагун хандыгы бул аймактагы эң четки түндүктөгү мусулман хандыгы болуп эсептелген; Кара Кытай мамлекетинин кулаган мезгилинде Мусулман хандыктары Или дарыясынын түндүгүнө чейин кеңейген. Т.а. Каялыктагы жана Алмалыктагы карлук ээликтери.

Монгол жапырыгынын алдында Талас менен Ысык-Көлдүн ортосундагы аймакты канглы уруулары ээлешкен. Хорезмшах Текеш канглылардын Теркен - хатун аттуу ханышасына үйлөнгөн. Анын урук тукумдары ханыша менен хорезмге көчүп исламды кабыл алышкан.

XIII к башында Кучлуктун башкаруу мезгилинде, Абулгазинин айтымында Талас менен Ысык-Көлдүн ортосун жердеген 50-60 миң канглы уруусундагылар Хорезшахка көчүп кетишкен. Канглы уруусундагылар ошол мезгилде эле мусулман болгондуктан, мусулмандарды куугунтуктап турган Кучлукка кызмат өтөгүлөрү келбей Хорезмшах Мухаммедге көчүп кетишкен.

Өз кезегинде хорезмшах Мухаммед Талас аймагындагы 1210 - жылы болуп өткөн кармашта гурхандын кара кытайларын талкалап түшкөн. Бул жеңишти уккан Чүй боорундагы Баласагундун тургундары мусулман аскерлеринин келерин күтүп, жеңилген кара кытайлардын калдык аскерлерин шаарга киргизбей бекинип алышкан.

Ошондой эле чыгыштан келген найман Кучлукту талкалоо үчүн жиберилген Хорезмшах Мухаммеддин аскерлери Кучлукту алсыздандырган. Кучлук хорезмшахтын

аскерлеринен көпчүлүк учурда жеңилип калган. Хорезмшах Мухаммеддин айрым аскер бөлүктөрү Кашкарга чейин жетип турган. Чыгыш Түркстанга жана Кыргызстанга монголдор басып киргенде Кучлуктун жеңил желпи жеңилип калышынын бирден бир себептери да ушунда болгон. Андан тышкары бул аймактар мусулман калкынан тургандыктан, мусулман калкын куугунтуктаган Кучлукту колдобой, монголдорду куткаруучу катары тосуп алышкан. Баласагун шаарына монголдор «Гобалык» («жакшы шаар») деген атын ыйгарган.

**Адабияттар**

1. Бартольд В.В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргыстана. –Б., 1996.

2. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана.

3. Осмонов Ө. Ж.. Кыргызстан тарыхы байыркы доордон азыркы мезгилге чейин. –Б., 2003.

4. Климович Л. И. Книга о куране. –М., 1988.

5. Август Мюллер. История ислама. –М., 2006.

6. Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани) Дивану лугати т- түрк сөз жыйнагы (1072-1077) -Б., 1997.